# Талас агрардык экономикалык колледжи

“Бекитемин”

ТАЭКтин директору: Б.Б.Алымкулов.

Иш чаранын темасы: **“Студенттик күн кандай керемет!”**

1. Билим берүүчүлүк: студент катары коомдогу ордун баалашат.
2. Өнүктүрүүчү максат: студенттер билим алуудагы милдеттерин билишет.
3. Тарбия берүүчүлүк: студенттер ар бир кесипти сыйлоого жана урматтоого тарбияланат.

Иш чараны уюштуруу: музыкалык апаратура, сахнаны жазалгалоо, улуттук кийимдер.

Иш чаранын жүрүшү:

**Алып баруучу:** Керимбаев Аманбай жана Баккелдиева Шахноза “Финансы” адистигинин 3-курсунун студенттери.

**Аманбай:**
Бир кезде алыс-алыс жактан элек,
Бир кезде таанышпаган жаштар элек.
Таанышып түбөлүктүү ДОС болууга,
Болдуго студенттик күндөр себеп.
**Шахноза:**
Күүгүм жок аппак сулуу таңдардай,
Күлкүгө бай, сүйүүгө бай, шаңга бай.
Көкөлөтүп көңүлдөрдү көтөргөн,
Кандай сонун студенттик күндөр ай.
**Аманбай:** Саламатсыздарбы урматтуу эже-агайлар жана студенттер17-ноябрь эл аралык студенттер күнү менен чын жүрөктөн куттуктап, бүгүн «Студенттик күн кандай керемет!» аталышындагы майрамдык кечебизди ачык деп жарыялоого уруксат этиңиздер.
**Шахноза:**Анда салтанаттуу кечени ачып берүү жана 1-курстарга сынак китепчелерин тапшыруу үчүн Талас агрардык экономикалык колледжинин директору, биология илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер, Россия табият таануу академиясынын профессору, билим берүүнүн отличниги Б.Б.Алымкуловду чакырмакчыбыз.
**Аманбай:**
Кандай сонун студенттик күндөрүм,
Жандуу чыгат бул майрам да үндөрүн.
Жакшы окуп, билим алып колледжден,
Баалай билсек ар бир күндүн өткөнүн.

Азыр “Ветеринария” адистигинин студенти Сыдыкова Албина «Жамгыр» аттуу ыры менен

**Шахноза:**
Студенттик күндөр кандай керемет,
Мындай күндөр бир өмүргө бир келет.
Студенттик күндөр кандай керемет,
Жаштык жалын эртеңкиге дем берет.

**Аманбай:**
Таңдаратып, нечен күндөр кеч кирсин,
Мезгил өтүп кийген кийимиң эскирсин.
Тагдырбөлүп, тарасаңда туш тушка,
Айтчыкантип, бир тууганын эскирсин.

Азыр Вальс бийи Жерге жайгаштыруу” адистигинин 1-курсунун студенттери Маматова Медина, Жумабекова Элеонора, Бообекова Аделина жана “Айыл чарбасын электрлештирүү жана автоматташтыруу” адистигинин 2-курсунун студенттери Темиралиев Шерхан, Исакжанов Абдыкадыр, Исаков Марлен.

**Шахноза:**
Жаңы достор, жаңы теңтуш курбулар,
Биргелешип келечекке жол улар.
Оттуу курак күлгүн кезди эңсетип,
Жүрөктөрдө жаңырсын дейм бул ырлар.

Азыр “Ветеринария” адистигинин 1-курсунун студенти Акматов Ырыскелди жана Кошулбеков Байбек “Акмаржан”аттуу ыры менен

**Аманбай:**
Шарактаган шаттуу күндөр,
Танды тоскон таттуу түндөр.
Студенттик алтын кезим,
Жаңы ачылган жашыл гүлдөй.

Азыр Грузин бийи ”Жерге жайгаштыруу” адистигинин студенти 2-курсунун студенти Аманбекова Зарина жана “Экономика жана бухгалтердик эсеп” адистигинин 2-курсунун студенттери Мамытканова Адина, Досболова Чынар

**Шахноза:**
Бизде эмне бар, студенттик күндөр бар,
Бийлик, байлык санжырагабарабар.
Ойноп, күлүп, өткөрөлү майрамды,
Эртең кайра бизди күтөт паралар

Азыр “Айыл чарбасын электрлештирүү жана автоматташтыруу” адистигинин 1-курсунун студенти Жумабеков Элжан “Мугалим эжекем” аттуу ыры менен

**Аманбай:**
Кел досторум ар убакта ынтымакта бололу,
Таарынышып калсак кокус, кечиришип коёлу.

Азыр “Экономика жана бухгалтердик эсеп” адистигинин 2-курсунун студенттери орусча “История о любви” аталыштагы сценка тартуулашат.

**Шахноза:**Бүгүнкү майрам көңүлдүү бий менен уланат.
**Аманбай:** Дагы бир ирет майрамыңыздар менен урматтуу студенттер!!!

Мамлекеттик тил жана тарбия иштери
боюнча орун басар: Табылды уулу А.